# Дидактика

№5 (32) май, 2024-жыл

ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамынын илимий-педагогикалык, маалыматтык гезити





Ош мамлекеттик университетинин 85 жылдык маарекесине арналган салтанаттуу иш чаралардын негизги бөлүгү 31-май күнү өтөт.


**Кеңири маалымат 2-бетте**


# "Чоң илимге жол айылдан башталат"

Кыргыз Республикасынын илимине эмгек сиңирген кызматкер, филология илимдеринин доктору, профессор Капар Зулпукаровдун 77 жылдык маарекесине карата "Чоң илимге жол айылдан башталат" аттуу форум-жолугушуу Кара-Кулжа районундагы "Терек-Суу" орто мектебинде болуп өттү. Форумга Ош шаарынын мектептеринде иштеп жаткан орусиялык мугалимдер, илимпоздун университетте эмгектенген шакирттери, үй-бүлөсү, туугандары, мектеп мугалимдери жана окуучулар катышты.

Жолугушуу окуучулар тарабынан даярдалган чакан концерттик программа менен коштолуп, агайдын турмуш жолу, илимий-педагогикалык ишмердүүлүгү боюнча баяндамалар жасалды.

Форумдун алкагында аталган мектепте Кара-Кулжа районунун чыгаан атуулдарына арналган аллея ачылды. Орусиялык мугалимдер мектеп жамаатына, окуучуларга семинар-тренингдерди, мастер-класстарды өтүп, китептерди белек кылышты. Эң алдыңкы окуучуларга профессордун атынан стипендиялар тапшырылды.


**Окумуштуунун бейнесине арналган кеңири макаланы 5-6-беттерден окуй аласыз.**




## ОшМУда иштегиң келсе, сынакка катыш!




ОшМУнун кадрлар резервине профессордук-окутуучулук кызмат орундарын ээлөө үчүн сынактын I этабы (предметтик тест) 2024-жылдын 10-июнь күнү саат 10:00 дө ОшМУнун башкы имаратында өткөрүлөт.

Предметтик тесттен 70 упайдан жогору балл алгандар үчүн педагогика-психология боюнча II этаптагы сынак 2024-жылдын 13-июнь күнү саат 10:00 дө өткөрүлөт.

ОшМУнун сайтына (oshsu.kg) кирип, кафедралар жана тесттик суроолор боюнча маалымат алсаңыздар болот.

Эскертүү: Арыздар 2024-жылдын 7-июнь күнү саат 14:00 гө чейин кабыл алынат!

**Г. Турдубаева,**
**Кадрлар бөлүмүнүн башчысы**

# Мыктылар аныкталууда



ОшМУда "Заманбап лектор", "Заманбап окутуучу", "Педагогикалык дебют" жана "ОшМУнун Заманбап СӨАИ чебери" аттуу сынактар старт алды. Алгачкылардан болуп 13-майда "Заманбап окутуучу" конкурсунун катышуучулары Орус филология факультетинин улук окутуучусу Гульмира Имашева жана Эл аралык медицина факультетинин окутуучусу Жайнагуль Абдирасулова, ал эми 14-май күнү Юридика факультетинин окутуучусу Ырысгүл Жээнбаева жана ДТМ факультетинин доценти ф.и.к. Г.Аипова эксперттер тобуна өздөрүнүн сабактарын өтүп беришти. 15-май күнү ОшМУнун медициналык колледжинин окутуучусу Арзиева Азиза жана ДТМ факультетинин окутуучусу Клара Мамат кызы сабактарды өтүштү.

Кароо-сынак окутуунун сапаты жана методикалык камсыздоо бөлүмү тарабынан педагогикалык кызматкерлердин чыгармачыл ишмердигин өнүктүрүүгө, чыгармачыл активдүүлүктү жогорулатууга, инновациялык иштелмелерди жана технологияларды колдоого, билим берүүчүлүк ишмердиктеги жетишкендиктерди стимулдаштыруу максатында уюштурулууда.

# 85 жашың кут болсун, ОшМУ!

Ош мамлекеттик университетинин 85 жылдык маарекесине арналган салтанаттуу иш чаралардын негизги бөлүгү 31-май күнү өтөт. "Бизнестин, билим берүү, илим жана мамлекеттик органдардын өз ара аракеттенүүсү – аймактарды өнүктүрүүнүн жаңы мүмкүнчүлүктөрү жана жолдору" аталышындагы форум университеттин башкы корпусунда эртең менен 9да көргөзмө менен башталат. Ал эми панелдик сессиялары Ак-Буура кампусундагы Эл аралык медицина факуль-тетинде саат 14-00дө өтөт.

Форумдун максаты: аймактардын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн фактору катары илимий, бизнес-коомчулуктун, мамлекеттик жана жергиликтүү бийлик органдарынын демилгелерин интеграциялоо; шаарларды, аймактарды турукту өнүктүрүүгө багытталган стратегияларды иштеп чыгуу үчүн билим берүүнүн, илимдин, бизнестин жана өкмөттүн мүмкүнчүлүктөрүн айкалыштыруу; аймактардын экономикасына трансформациялоо шартында билимди, алдыңкы тажрыйбаларды, инновацияларды жана технологияларды турукту алмашуу үчүн аянтча түзүү болуп саналат.

Форумда экономикалык чөйрөнү инновациялар жана заманбап технологиялар менен камсыз кылууда университеттердин бизнес жана илимий потенциалын интеграциялоо, университеттин чөйрөсү менен бизнес-чөйрөнүн жана өндүрүштүн өз ара кызматташуусун өнүктүрүүгө мамлекеттик жана административдик колдоо көрсөтүү, аймактардын экономикасын туруктуу өнүктүрүүдөгү жаңы кадрларды даярдоодо университеттик коомчулук менен бизнестин байланышы, бизнес, мамлекеттик бийлик, билим берүү жана илим байланыштарын чагылдырууда медианын таасири боюнча талкуу болот.

Ушул эле күнү кечки саат 19-30 да А.Сүйүнбаев атындагы шаардык стадионунда ОшМУнун 85 жылдык маарекесинин салтанаттуу аземи өтөт. Майрамдык салтанат билим берүүнү камтыган театрлаштырылган көрүнүш менен башталып, кыргыз эстрада жылдыздарынын коштоосунда уланат.

Кеченин коноктору: Керим Турапов, Бек Борбиев, Бактияр Токторов, Жийдеш Идирисова, Замир Мырза, Султан Садыралиев, Эмил Балтагулов, Айпери Кулбаева, JAX, Малика Дина, Freeman 996, Эламан Жалалов, PPTV тобу.

Жыл башынан бери ОшМУнун 85 жылдык маарекесине карата университетте "Алтын үн" фестивалы, "ОшМУ - сүрөтчүлөрдүн көзү менен, ОшМУда окуган чет өлкөлүк студенттердин "Ырдайлы кыргыз ырларын" конкурстары, эл аралык "StudEXPO-2024" Computer Science and Design" аттуу студенттик ярмаркасы, республикалык стартап конкурсу, "Жаңы чакырыктар: медициналык билим берүүдө жана практикада инновациялык технологиялар", "Түрк элдеринин руханий интеграциясы: тил, адабият, маданият" аттуу эл аралык конференциялар өткөн. Маарекеге карата окуу жайдын медициналык клиникасында кардиохирургия бөлүмү, "Борборлоштурулган электрондук окуу залынын" ачылыш аземдери өттү. Андан сырткары ЖОЖдор аралык спорттун волейбол, кичи футбол түрү боюнча мелдештер, шаардык деңгээлде чуркоо марафону, республикалык "Жаштар форуму", Эл аралык кино форумдары менен уюштурулду. Окуу жайдын "Ак-Буура" кампусунда 85 жылдык маарекеге карата 85 түп ак кайын көчөттөрү отургузулду.

ОшМУнун тарыхы 1939-жылы ачылган Ош мугалимдер институтунан башталат. Окуу жай 1951-жылы Ош мамлекеттик педагогикалык институту болуп түзүлгөн. 1992-жылы Ош мамлекеттик университети статусун алган. ОшМУ 2017-жылы КР эң жогорку мамлекеттик сыйлыгы болгон «Даңк» ордени менен сыйланган. Президенттин 2022-жылдын 18-июлундагы Жарлыгынын негизинде ОшМУга өлкөдөгү алдыңкы 5 окуу жайдын катарында "Өзгөчө макам" ыйгарылган. Кыргыз Республикасындагы ЖОЖдордун институционалдык рейтингинде (НААР), Кыргыз Республикасынын ЖОЖдорунун Улуттук рейтингинде ОшМУ институционалдык, бакалавриат жана магистратуранын билим берүү программалары боюнча өлкөдө сап башына чыгып, 5 жылдан бери 1-орунду камсыздап келет. 2022-2023-жылы "IAAR EUR" Евразиялык рейтингинде ОшМУ Борбор Азиядагы эң мыкты 3 университеттин катарына кирди. Андан сырткары институционалдык аккредитациядан 7 жылга ийгиликтүү өттү.

Бүгүн эл аралык Qs рейтингине кирүүгө ишенимдүү багыт алган Ош мамлекеттик университетинде 4 институт, 18 факультет, 1 дипломдон кийинки жана үзгүлтүксүз медициналык билим берүү борбору, 6 орто кесиптик билим берүүчү окуу жайы, 1 лицей, 1 баштапгычы билим берүү борбору, 6 мектеп-гимназия, 30 окуу-усулдук, маданий-эстетикалык, ресурстук борборлор, 10 жатакана, 1 медициналык клиника бар. Окуу жайда 50 000ге жакын студент билим алат, алардын ичинен 13 000ден ашууну алыскы жана жакынкы чет өлкөдөн келип билим алгандар.

# Жөө күлүктөр аныкталды




ОшМУнун 85 жылдык маарекесине карата Ош шаарында "Жибек-жолу марафону-2024" массалык чуркоо жарышы өттү.

Массалык чуркоого Кыргызстандын бардык аймагынан, Казакстан, Өзбекстандан спортчулар, жогорку окуу жайлардын профессордук-окутуучулук курамы, студенттер, мектеп окуучулары, жалпы миңдей жөө күлүк катышты.

Катышуучулар 14+, 45+, 55+ категориялары боюнча 3, 5 жана 10 чакырым аралыкка чуркашты. Бардык катышуучулар алдын ала каттоодон өтүп, ар бири катар номер алышкан.

"Мындай массалык чуркоону камтыган марафон ОшМУнун тарыхында алгачкы жолу өтүп жатат. Ош шаардык дене тарбия жана спорт комитети, колдоо көрсөткөн демөөрчүлөр менен биргеликте уюштурулууда. Марафонго Кыргызстан боюнча жалпы билим берүүчү мекемелер менен биргеликте шаар тургундарын, кесипкөй спортчуларды чакыргынбыз. Биздин маарекелик иш-чараны колдоп келген жалпы катышуучуларга, жогорку окуу жайдын ректорлору баштаган жамааттарга ыраазычылык билдирем.",-деди ректор Кудайберди Кожобеков.

Жыйынтыгында 55+ категориясы боюнча 3 км аралыкта 1-орунду Абазов Турдумамат, 2-орунду Маметов Жакыпжан, 3-орунду Бурканов Акылбек ээледи. Айымдар арасында 1-орунду Гулсун Мусуппаева, 2-орунду Гулайым Максуталиева, 3-орунду Мейликан Орозова, 45+ категориясында 3 км аралыкта 1-орунда Асан Абсатаров, 2-орунда Оболбек Осмонбеков, 3-орунда Омаржан Нурдинов келди. Айымдар арасында 1-орунда Гуланда Тойчубекова, 2-орунда Кулпунай Токторова, 3-орунда Света Бекеева келишти.

5 км аралыкта 35 + категориясында эркектер арасында 1-орунду Алимардан Сабиров, 2-орунду Ахмет Булатов, 3-орунду Талант Эржанов ээледи. Айымдар арасында 1-орунду Наргиза Наматова, 2-орунду Барчын Давлятова, 3-орунду Айниза Айтиева алды.

14+ категориясында 1-орунду Элсиер Хабибиллаев, 2-орунду Хабибулла Аматов, 3-орунду Нурэл Аскарбаев ээледи. Айымдар арасында 1-орунду Мадина Абдыкадырова, 2- орунду Мадина Заирова, 3-орунду Бермет Өмурбакиева ээледи.

Кесипкөй спортчулар арасында 10 км аралыкта 1-орунда Жусуп Сулайман уулу, 2-орунда Мирбек Адинов, 3-орунда Ибраимов Рахматулла келди. Ал эми айымдар арасында 1-орунда Алымкан Жамшитбекова, 2-орунда Сон Ренато, 3-орунда Майрамкан Данаярова келди.

Ар бир категория боюнча жеңүүчүлөр медаль, диплом, акчалай сыйлык, баалуу белектер менен сыйланышты. Марафондун катышуучулары үчүн концерттик программа тартууланды.

# Чет элдик студенттер үчүн штаб түзүлдү



Чет өлкөлүк студенттердин коопсуздугун сактоо жана тиешелүү суроолорун чечүү максатында ОшМУнун ректору Кудайберди Кожобеков башында турган ыкчам штаб түзүлдү. 18-май күнү ректор Эл аралык медицина факультетинде болуп, чет элдик студенттер менен жолукан жана ректорат тарабынан камкордуктар болорун билдирген.

Учурда штабда иш план түзүлүп, нөөмөт графиги бекитилген. Ага ылайык жергиликтүү бийлик өкүлдөрү, ички иштер министрлиги, коопсуздук кызматы менен биргеликте иш алып барылып жатат. Студенттер менен психологдор иштешүүдө, андан сырткары окуу жайдын клиникасы да тартылган. 24 саат көзөмөл болуп, студенттер менен байланышып, керектүү тамак-аш азыктары жеткирилип жатат. Билим берүү жана илим министрлигинин жана ОшМУнун атайын буйругунун негизинде окуулары онлайнга өткөрүлдү. Окуу жайда 4 аймакка колл-центр уюштурулган, суроолорго жооп берилип жатат. Социалдык тармактарда студенттер түзүлгөн шарттарга, камкордукка ыраазычылык билдирип жазышууда.

Эскерте кетсек, борбор калаа Бишкекте 19-майга караган түнү чет элдик студенттерге каршы кутум уюштурулган. Азыркы тапта тополоң чыгаргандардын тек жайы аныкталууда.

# ОшМУнун мугалими "Мыкты мугалим"



ОшМУнун "Билим" лицейинин математика предметинин мугалими Назгул Каныбекова "Мыкты мугалим-2024" сынагынын шаардык турунда жеңишке жетишип, республикалык турга жолдомо алды.

"Быйылкы "Мыкты мугалим" сынагы жылдагыдан айырмаланып предметтер аралык өткөрүлдү. 2023-жылы министрлик тарабынан иштелип чыккан Жобонун негизинде ар бир предмет боюнча мыкты мугалим тандалмакчы. Ош шаарынан жалпы 62 мугалим предметтер боюнча сынакка катыштык. Анын ичинен математика предметинен 8 мугалим болдук. Конкурс жалпысынан 3 этап боюнча мектеп ичинде, шаардык деңгээлде, эми болсо республикалык масштабда өтөт" деди Каныбекова Назгул.

Дидактика
ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамынын илимий-педагогикалык, маалыматтык гезити

# БИЗ СЫЙМЫКТАНГАН ФРОНТОВИК РЕКТОР АГАЙ

“Жолун кызыр жылоологон адамдар университетти жетектеп, социалдык шартка жараша аракеттерин жасап, университетти “Даңк” ордендүү, өзгөчөлөнгөн укукка ээ болгон университетке жеткиришти. Ушундай кызыр жылоологон ректорлор менен бир жамаатта түрдүү кызматтарда иштеп, алардын ишмердүүлүгүн байкап, көрүп калдым. Алар мезгил талабына жараша университеттин сапатын көтөрүү максатында, өз жөндөмдүүлүктөрүн көрсөтүп эл кызматында болушуп, университеттин өнүгүшүнө салымдарын кошуп иштеп келишти.

Кыргыз Республикасында эл үчүн ак иштеп, эли – жери үчүн өлүмдөн дагы коркпогон, ак ниет ата-бабаларыбыз, азыркы учурдагы потриот инсандарыбыз аз эмес. Аларды, басма беттеринен окуп, радио - теле берүүлөрдөн көрүп сыймыктанып келебиз. Кыргыздарда айтылып келе жаткан “өткөндөрдү даңктабай, тирүүлөрдүн иши бааланбайт” деген накыл сөзгө таянып, мындай демекчимин. Ааламды илимий негизде таанууда, адам коому жаралгандан бери элдин аң – сезиминде жашап келе жаткан: Иегов, Вишна, Ыйык Дух, Абсолют, Дао, Логос, Аллага ички туюм сезими менен ишенип, дүйнөлүк эс-акылды жаратылыштык дүйнөдөн ажыратып таануу сапатына ээ болгон инсан катары ректор, профессор Сулайман Жумагуловду айтууга болот.

Ректор **Жумагулов Сулайман** агайды турмуш, саясат, бийлик, өз ара мамиле, адамгерчилик, улуу-кичүү, аял-эркек, кары-жашты өз-өзүнчө таныган, ыраатуулук ыргактарын ийне-жибине чейин билген инсан катары билем. Агай жаш кадрларды жан дили менен тарбиялап, өстүрө билген устат. Ошол эле мезгилде дүйнө таанымы өзү теңдүүлөрдөн жогору болгон илимпоз- жетекчи, өз элинин мекенчил инсаны, коомдук жагдайды туура түшүнгөн саясатчы, чет элдик илимпоздор менен тыгыз байланышта болгон дипломат, жаштарды тарбиялоодо жигердүү окутуучу жана үй – бүлөдөгү сүйүктүү ата, таята болчу.

Сулайман Жумагулов 1923-жылы Талас районундагы Көпүрө-Базар айылында туулган. 1953-жылы КМУнун физика адистигин бүтүргөн. 1953—1958-жылдары партиялык кызматтарда иштеген. 1958-жылдан КМУнун диалектикалык материализм кафедрасында аспирант, улук окутуучу, доцент, кафедра башчысы болуп эмгектенген. 1977-1986-жылдары Ош мамлекеттик педагогикалык институтунун ректору, 1986-жылдан КМУдагы Тил жана гуманитардык илимдер институтунун философия кафедрасынын башчысы болуп эмгектенген. 40тан ашык илимий эмгектин (анын ичинде 5 монография) автору. Философия илимдеринин кандидаты (1968-жыл), профессор наамын алган (1991-жыл).

Агайдын үзүрлүү эмгеги мамлекет тарабынан жогору бааланып, СССР Жогорку билим берүүнүн отличниги, СССР эл агартуусунун отличниги, Кыргыз ССР элге билим берүүсүнүн отличниги, Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген мугалими. Эл Достугу, Кызыл Жылдыз ордендери менен сыйланган. Ондон ашык аспирантка илимий жетекчи болуп, алар илимдин кандидаты болуп чыгышкан. Андай окуучуларына Ж.Жоробеков, А.Сарыкова, Г.Абдулдаева, С.Абдуллаев, Т.Айтбаев, Б.Чалагызов, А.Карыпкулов, ОшПИден А.Алиев, А.Сатимбаев ж.б. айтууга болот. Булардын көпчүлүгү азыркы мезгилде илимдин докторлору, академиктер.

Сулайман Жумагуловдун тушунда институтта бир катар сөзгө алаарлык жумуштар аткарылган. Биринчиден институт өз деңгээлине чыгып, кадыр-баркка ээ болгон. Анткени, ошол мезгилде институтту, обком, шаарком башкарып, “мариенетка” окуу жайына айлантып турушкандыгын ошол мезгилде иштеген декандар, профессорлор-окутуучулар, алдыңкы кызматчылар эскерип, айтып келишет. Муну түшүнгөн агай, мыйзамдын чегинде иш тутуп, коррупциядан алыс болуп, өзүнөн жогору бийлик жетекчилерге тең ата сүйлөшүп, институтка тиешелүү болгон суроо-талаптарды убагында коюп, институттун социалдык, материалдык базасын жакшы эле өнүктүргөн. Факты катары ала турган болсок, азыркы түштүк-чыгыштагы “табият таануу жана география” факультеттинин имаратын, “медициналык колледждин” имаратын, Ленин көчөсүндөгү шаардык сот турган имараттын экинчи кабатын толук институттун балансына алып, окуу аянтын кеңейткен. Ал мезгилдеги баланска имарат алуу жана курууну азыркыга салыштырууга болбойт. Анткени ал мезгилде институттун кыймылы бүт мамлекеттик бюджетте болчу. “Акы төлөп окуу” деген түшүнүк болгон эмес. Бардык чечим борбордон Фрунзе, Москвадан кабыл алынып турган. Демек, агайыбыздын кадыр-баркы жогорку эшалондогу жетекчилер арасында да бир топ жогору болгон.



Экинчи фактыга кайрылалы. 1982-1983-окуу жылында Бүткүл союздук педагогикалык институттардын профсоюздарынын сынагына катышып, 154 пединституттун ичинен экинчи орунду ээлеп, чоң ийгиликке жетишкенбиз. Ошондо биздин пединститутту баалап, айлык акы 30%ке көтөрүлүп, пол жуучу техкызматчылардын айлыгына чейин жогорулаган. Андан сырткары Билим берүү минстрлиги 375 бюджеттик орун берип, студенттин саны дагы көбөйгөн. Алсак, физматка 125 орун, педагогика факультетине 100 орун, калгандары дагы ушул сыяктуу болуп бөлүштүрүлгөн.



1980-жылы мен физика адистиги боюнча абитуренттердин документтерин кабыл ала турган техсекретардыкка дайындалып иштеп калгамын. Ошондогу мезгилден бир окуя: Ош обком партиясынын бир бөлүм башчысынын кызы менен, институттун чарбалык иштер боюнча проректордун баласы борбордук ЖОЖдун бир адистигине бирдей баа алып орунду талашып калганда ректор С. Жумагулович Ош обком партиясынын сөзүн укпай, өзүнүн эртеңки кызмат ордун эске албастан, ал балдардын документтерин алдырып, аттестаттагы бааларын салыштырып, проректордун баласынын баасы жогору чыккандыктан, ошол бир орунга ошол балага буйрук чыгарып окууга жибергени азыркы күндө да эсимде турат.

Агайдын таза иштегендиги жөнүндө окуялар аңыз кеп болуп азыркыга чейин айтылып жүрөт. Бир фронтовик досунун небереси биздин институттун орус филологиясы адистигине тапшырган экен. Кабыл алуу комиссиясынын жооптуу катчысын кабинетине чакырып, дайындаса деле болмок, өзү кабыл алуу комиссиясына келип, баланын документин алдырып, аттестатын текшерип, кокустан өтүп калса окуй ала тургандыгын байкап, ошол кабыл алуу комиссиясындагыларга кыргыз нарк-насилдүү салттуулукту кармап, “уугум сага, уулум сен ук” дегендей, баланын документтерин кармаган боюнча, “ушул баланын чоң атасы менен согушта, окопто бирге жаттык эле, бала өтө алаар бекен?” деп “делону” тех.катчыга берип чыгып кеткен деп айтып жүрүшөт.


Агайдын ушундай окуяларынан кийин аргасыздан, түштүк Африканын Стелленбос университетинин кире бериш босогосунда лозунг катары жазылган “Бир элди жок кылуу үчүн атомдук бомбанын же вирустун деле кереги жок. Болгону билим берүүнүн сапатын түшүрүп, паракорлукту күчөтүп жиберүү керек. Мына ошондо оорулуулар чала сабат дарыгерлердин колунан өлүшөт, имараттар чала инженерлердин колунан урайт, акчалар чала экономистердин колунан азаят, адилеттүүлүк чала соттордун колдорунан жоголот. Билим берүүнүн жок болушу – улуттун жок болушу” деген жазуу баарыбыздын эсибизден чыкпаганы жакшы. И.Разаков айткандай, “Адилеттүү бол, бирок чындыктан тайба” деген сөзүн туу тутуп, эске ала жүрөлү.

Агай мага дагы чоң жардамын берген. 1980-жылы физика адистиги боюнча илимий изилдөөлөрдү жүргүзүп, аспирантуурага кириш үчүн Эстония Республикасындагы Тарту шаарында, жарым өткөргүчтөр боюнча иштеген Иоффе атындагы илим-изилдөө институтуна барып, макулдук кат алып келсем, качан гана максаттуу аспирантурага орун ОшПИге келгенде, ошол мезгилдеги декан өзүнө жакын бирөөнү жиберип ийгендиктен, мен физик адис болбой калгамын. Ректорго барсам, буйрук чыгып калган экен, кеч болуп калыптыр, эмки жылга даярдан деди. Ошондон кийин, 1981-жылдын март айында ректор агай мен сыяктуу бир канча жаш адистерди өзүнө чогултуп “... мен институтка келгенден бери анча маани берген эмес экенмин, бизде азыркы замандын талабына өтө керектүү “психология” адистигинде бир дагы квалификацияга ээ болгон жергиликтүү адис жок экен "ушул кызматка ким өтөт" дегенде, келгендердин бири дагы “мен өтөм” деп айта алган эмес. Ошондо “Закировдон башкаңар бара бергиле, сен мага жакын отур. Сен коркпо, мен жардамымды берем. Ушул жылдын сентябрь айынан Москвадагы М.В. Ломоносов атындагы университеттин психология факултетине жөнөтөм окуп келесиң, азыр арызыңды жаз, педагогика-психология кафедрасына психолог мугалим болуп бар” деп жөнөткөндөн бери психолог мугалим болуп калганмын. Ушул күн такыр эсимден чыкпайт.

Агай келечекти көрө билгендиктен учурдагы илимдин докторлору, кандидаттары, профессорлору, Москва, ошол учурдагы Ленинград, Киев, Прибалтикадагы илим изилдөө - окуу жайларында окуп, илимий даражаларга ээ болгондор ушул макаланы окуп калса, Сулайман Жумагуловду эстешсе керек деген ойдомун. Университеттеги илимдин -билимдин өнүгүшүндө агайдын салымы өтө чоң. Ошол мезгилдеги жаш илимпоздор, азыркы күндө университеттин илимий багытын өнүктүрүп келе жатышат. Алсак, илимдин докторлорун айтпаганда дагы КРнын Академиясынын мүчө-корреспонденттери, профессорлор Т. Т. Жумабаева, Г. Матиева эжекелер агайдын колдоо - сунуштары менен илимдин борбору болгон Москва шаарынан окуп, илимдүү-билимдүү болуп келишкен. Бул окумуштуулар азыркы күнгө дейре көптөгөн изилдөө жыйынтыктарды алып, бир катар илимдин докторлорун, кандидаттарын чыгарып, үзүрлүү иштеп жатышат. Буларга ийгиликтерди каалап, илимде чыгармачылыгыңар өнүгө берсин демекчимин.

**А. Закиров,**
**психология илимдеринин кандидаты, профессор**

# Устатым илимдин жигердүү дыйканы эле



Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнө эмгек сиңирген кызматкер, Даңк орденинин ээси, тарых илимдеринин доктору, профессор Ташманбет Кененсариев устат агайыбыздан айрылганыбызга бир топ жылдардын жүзү болуп калыптыр. Тирүүлүктүн жашоосу зымыраган куш сымал билинбей өтө берет экен. Ош мамлекеттик университетинин «Тарых жана социалдык иштер» факультетинин демилгеси менен 17-18-май күндөрү «Фергана өрөөнүндөгү 1873-1876-ж.ж. элдик кыймылды жетектеген Исхак Асан уулу Полот хандын 180 жылдыгына жана тарых илимдеринин доктору, профессор Ташманбет Кененсариевдин 75 жылдыгына» арналган эл аралык илимий конференция өттү. Устатым көзү тирүү болгондо быйыл 75 жашка чыкмак экен.

Агайымды тээ 90-жылдын башынан тарых факультетинин деканы болуп турган учурдан тарта тааныдым. Башка агайлардын окуган дарсына тийип качып анчейин деле көңүл бурбасак да, Ташманбет Кененсариевдин сабагына астейдил катышып, окуган лекцияларына арбалып, ушундай илимпоз болууну кыялданчу элек.

"Жакшы тилек жарым ырыс" дегендей, агайдын илимий изденүүчүсү болдум, Устатымдын демилге багыты менен анын биринчи аспиранты Жээнбек Алымбаевди (азыр тарых илиминин доктору, профессор) Эрнист Авазов (азыр докторант) экөөбүз ээрчип барып, Ташкенттеги мамлекеттик архивди эки жылдай казымыш эттик. Агайдын жетекчилиги алдында кандидаттык диссертациямды ийгиликтүү коргодум. Устатыбыздан алдына приоритеттүү максат милдеттерди коюп, ошолорго жетиш үчүн акыл-эсин, эрк-кайратын, интеллектуалдык билим дареметин жана бүткүл энергиясын муштумдай бекем түйүп, чалыкпай чымырканып иштеген жан үрөгөн эмгекчил сапаттарын үйрөндүк.

Устатыбыздын илимге болгон жөндөмүнүн зор көрөңгөсүнүн керемети менен илим-билим жаатында зоболосу көтөрүлдү. Илимий мектеби түптөлдү. Т.Кененсариевдин илимий мектеби жөнүндө сөз болуп калса, аты аталса куту сүйүнөт дегендей, биз шакирттери бир өзгөчө сыймыктана калчубуз. Илимий изилдөөлөрү менен эриш-аркак, убакыттын өтүмүшү менен кызматтык ыкыбалы да жогорулап отурду. Адегенде факультеттин деканы, Ош мамлекеттик университетинин 1-проректору, ректордун милдетин аткаруучу, андан соң КРдин Президентине караштуу эл аралык стратегиялык изилдөөлөр институтунун директорунун орун басары, Кыргыз-Россия Славян университетинин тышкы байланыштар боюнча проректору, Жалал-Абад мамлекеттик университетинин ректору, КРдин тышкы иштер министрлигине караштуу Дипломатиялык Академиянын 1-проректору, андан соң, И. Арабаев атындагы мамлекеттик университетинин Манас таануу институтунун профессору, «Манас таануу жана Айтматов таануу улуттук академиясы» мамлекеттик мекемесинин вице-президент макамындагы бөлүм башчы кызматтарын аркалап, кызматтык тепкичтер боюнча ак эмгеги менен көтөрүлдү. Кызмат учурунда устатыбыз эмгегин баалаган жетекчилерге, алардын берген сыйлыгына, сый-урматына ыраазы болуп кубанса, кошо кубанып, айрым көрө албас, ичи тар интригандардын бут тосконуна, кошоматчылардын ушак-айыңына муңайып калса, ичибизден зээнибиз кейип, айтор моралдык колдоо көрсөтүп дайыма жанында болдук, санаалаш болдук.

Устатыбыздан тууганга, дос-жарга, илимдеги татыктуу өнөктөштөрүнө, устатына, оппоненттерине жасаган мамилесин көрүп, таалим-тарбия алдык.

Эсимде, айылдаш туугандарына барганда устатымды ээрчип айылын кыдырдым. Айылда устатымдын кадыр-баркы өтө жогору экендигин байкадым. Барган жеринде жогорку сый-урматын көрсөтүшүп, төрүнө отургузушту. Андан да кызыгы, айылдын карапайым эле аксакалдары Кокон хандыгынын тарыхынын бизге белгисиз оош-кыйыштарын агай менен чогуу талкуулашып, атактуу жазуучу жердеши Т.Касымбековдун «Сынган кылычындагы» айрым эпизоддоруна сын-пикирлерин айтып олтурушту. Санжырага, тарыхка дилгир аксы аксакалдарынын куйма кулактык зээндүүлүгүнө жогору баа бергемин. Керек болсо, ал аксакалдар тарыхты, санжыраны тарыхчы окумуштуудан да, жазуучудан да кем калышпай биле турганына күбө болгомун. Кийин Аксы окуясында Ошко чейин бийликке баш ийбей жөө жүрүш жасап, бизага уукккан жердештеринин алдын тосуп чыгып, кадырын салып токтотуп, тынч, аман-эсен кайра айылдарына кайтышына устатыбыздын эмгеги зор болгон. Мындай элчилик вазийпа, айыл мекенине кадыры сиңген, бир сөзүн эки кылбаган, кадыр-барркы, аброю жогору болгон инсандардын гана колунан келе тургандыгына көзүбүз жеткен. Көрүп жүрбөйбүзбү, айрым атактуу инсандардын, айылдаш тууган-туушкандардын жамандык-жакшылыгына катышпай, өз айылынан кол үзүп калгандарын. Аксы эли көзү өтөөр алдында устатыбызга сый-ызатын көрсөтүп «Аксынын ардактуу атуулу» деген коомдук сыйлыгын ыйгарган.

Устатыбыздын устаты, 1916-жылдагы көтөрүлүштү, СССР учурунда партиянын күчөп турган тап идеологиясы «үркүн» дегенине карабастан, чочулабастан, улуттук-боштондук көтөрүлүш катары тайманбай баа берген КРдин УИАнын мүчө-кабарчысы, белгилүү профессор Кушбек Үсөнбаев эле. Устатына болгон сый-урматтыы жогорку үлгүсүн көрсөтчү. Устатынын көзү өтөрдө, агайыбыз өз каражатынын эсебинен устатынын чыгара албай жүргөн көлөмдүү монографиясын чыгарып, колуна карматканда, аябай ыраазы болгонун айтып калар эле.

Идеяга бай, жаңы инновациялык ыкма менен иштеген реформатор устатыбыз жетекчи болуп барган жерди гүлдөтүп, өнүктүрүп, аркасынан из калтырган ишмердүүлүгү боюнча замандаштары дайыма жылуу пикир айтып келишет. ОшМУнун тарых-укук таануу факультетинин деканы болуп турган учурда, кийин 1-проректордук кызматты аркалап турган мезгилдерде «укук таануу», «социалдык иштер», «чыгыш таануу», «мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу» адистиктери, так ушул устатыбыздын жеке демилгеси менен ачылгандыгын баса белгилеп кетүү зарыл. Билим берүүдөгү барандуу ийгиликтери үчүн 1999-жылы Кыргыз Республикасынын Билим берүү, илим жана маданият министрлигинин Грамотасы менен, ошол эле жылы «Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнүн мыктысы» төш белгиси менен сыйланган. Устатыбыздын илимий изилдөө эмгектери 2000-жылы эл аралык уюмдардын назарына түшүп, «Борбордук Азия Элдик Академиясынын академиги» деген коомдук наам ыйгарылган. 2005-жылы көп жылдык педагогдук, илимий изилдөөчүлүк эмгектери, педагог жана илимий кадрларды даярдоодогу үзүрлүү ишмердүүлүгү үчүн Англияда (Кембридж) жайгашкан Эл аралык биографиялык Борбор ыйгаруучу «2005-жылдын Эң мыкты педагогу» деген наамга татыктуу болуп, тиешелүү сертификат менен медалы тапшырылган. КРнын Президентине караштуу эл аралык стратегиялык изилдөөлөр институтунун директорунун орун басары болуп турган учурунда эксперт-аналитик катары Кыргызстандын коомдук турмушунун өзөктүү проблемаларын изилдеп, Алматыда, Түркияда, КЭРдин Шанхай, Үрүмчү шаарларында Кыргызстандын саясий-экономикалык, социалдык маселелери боюнча кызыктуу баяндамаларды жасаган. 2008-жылы Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнө, илим изилдөөсүнө кошкон салымы үчүн «Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнө эмгек сиңирген кызматкер» деген наамга татыктуу болгон. 2009-жылы Кыргыз Республикасынын «Профсоюздар уюмунун отличниги» төш белгисин тагынган. 2010-жылы ЖАМУнун Ардактуу профессору, 2014-жылы ОшМУнун Эмгек сиңирген кызматкери сыйлыктарына татыган. КР Архив агенттиги, Маданият министрлиги жана Казакстан тарыхчылар жамааты тарабынан, жалпы жонунан 5 медалы менен сыйланган. 2016-жылы Кыргыз Республикасынын Президенти «Даңк» медаль менен сыйлаган.

Бир жолу ОшМУнун базасында Орто Азия элдеринин достугу тууралуу эл аралык илимий конференция өтүп, баяндамага чыккан окумуштуулар, чек араны ачып, рынокту кеңейтип, маданий күндөрдү такай өткөрүп ырдап-чоорлошсок, президенттердин мамилеси жакшы болсо эле, достугубуз укмуштуудай болуп кетет эле деген, суу кечпеген сунуштары менен чыгып жатышты. Устатыбыз чыгып, Орто Азияда суунун кору жетишсиз, мамлекеттер аралык чыр-чатактар суунун айынан чыгышы мүмкүн. Суу маселеси чечилмейинче, достукту чыңдоо мүмкүн эмес деген, оригиналдуу фактылардын алкагындагы аргументтери менен конференциянын катышуучуларын ынандырган жайы бар. ОшМУну академик Б.Мурзубраимов башкарып турган учурда устатыбыз 1-проректор кызматын аркалап, окуу жайдын билим берүү системаларды алкагында бир топ ички реформаларды жүргүзгөндүгүнө күбө болгонбуз. Окуу жайыбыздын өнүгүшүнө жан дили менен ак кызмат кылды. Тартипти туу тутуп, башаламандыкка жол бербеди. Талапты өзүнө да, башкаларга да катуу койду. Ар кандай маселелерди чечүүдө обьективдүү, калыс болууга далалаттанып, коллегаларынын жасаган ишине жана анын сапатына жараша баа берип, ар кандай кырдаалда аларга жакшылык кылуу аракеттери менен бедели көтөрүлдү. Устатыбызда окумуштуулук да, адамдык сапаттар да бекем айкалышкан. Анын адамгерчилигин, меймандосчулугун жана сөзгө, жолдошчулукка бектигин өзгөчө белгилесе болот. Агайыбыздын мээнеткечтигин, эмгекчилдигин баштаган ишин ара жолдо калтырбаган көктүгүн байкаар элек. Бут тоскон оппоненттерине «Алардан өч алам деп эч качан жамандык издебе, колуңан келип турса жакшылык деле кылбай кой, аларга эч качан алагды болуп көңүл бурба» деген кең пейилдүүлүк, айкөлдүк, кек сактабагандык, кечиримдүүлүк принциптери менен жашап өттү. Профессор Ташманбет Кененсарив азыркы кыргыз тарыхнаамасына, саясат таануусуна жана инсан таануусуна бир катар салымдарды киргизип, омоктуу маанидеги концептуалдуу илимий жыйынтыктарды сунуштаган.

Устатыбыздын баш-аягы болуп 400дөн ашуун илимий эмгектер, анын ичинде 18 монография, 3 окуу китеби, 3 окуу китеби (авторлош), 20 окуу жана окуу-усулдук материалдар, 300 ашык илимий макалалар жарык көргөн. Бир нече эмгеги англис, орус, өзбек, кытай, иран тилдеринде жарыяланган. 6 жолу эл аралык симпозиумга, 2 жолу түрк конгрессине, 22 жолу эл аралык ири илимий конференцияларга катышкан. Устатыбыздын илимий жетекчилиги астында 30 дан ашуун докторант, аспирант жана илимий изденүүчүлөр, өздөрүнүн илимий изилдөөлөрүнүн үстүнөн жигердүү иштеп жатышкан. Активдүү коомдук ишмер болгон. Көптөгөн илимий иш-чараларды уюштурган. Өлкөнүн урунттуу маселелери боюнча ТВ, радио, массалык маалымат каражаттары, социалдык түйүндөр аркылуу омоктуу, мазмундуу өңүттө өз пикирин билдирип турган.

Устатыбыз илимдин, башкаруунун эле көркүн чыгарбастан, багбанчылыктын да көркүн чыгарган чоң багбан эле. ЖАМУнун ректору болуп турган учурунда, шаар четинде жайгашкан «Курманбек фольклордук энографиялык талаасы» он жылдан бери каралбай чөп басып турган абалынан, шаардык мэриядан «ишенимдүү башкаруу» статусу менен университетке өткөрүлүп, ал жер агайдын демилгеси менен «ЖАМУнун Курманбек фольклордук этнографиялык комплекси» деген аталышта эс алуучу жана маданий иш-чараларды өткөрүүчү шаардыктардын сүйүктүү жайына айландырган жайы бар. Ошол учурда устатыбыз өз колу менен мөмөлүү бак-дарактарды отургузган экен, юбилейинин алдында Жалал-Абаддагы илимий шакирттери бышкан мөмөсүнөн Ошко алып келишип ооз тийгизгени эсибизде.

Ташманбет агай Ашырайым эжекебизге жароокер жолдош, эң мыкты ата, таята, илимдин жигердүү дыйканы, оргуштаган идеяга бай мыкты жетекчи, реформатор, илимий шакирттерине эң татыктуу илимий жетекчи жана кеңешчи эле. Аттиң дүйнө... дагы алдыды жасай турган иштери көп эле. Кыргызстан тарыхынын изилденбей келе жаткан айрым бир зоболондуу маселелери жана өлкөбүздүн саясий экономикалык актуалдуу маселелери боюнча далай макалалар жана концептуалдуу эмгектер жазылмак.

**Талайбек Жаркынбаев,**
**тарых илимдеринин кандидаты,**
**Ош МУнун доценти**

Дидактика
ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамынын илимий-педагогикалык, маалыматтык гезити

# Көрүнүктүү окумуштуу, жөнөкөй инсан

Ар бир илимпоздун аты менен байланышкан, аны аныктаган нерсе - ал анын иштеген жана иштеп жаткан убактысы менен илимий багыты. Профессор К.Зулпукаровдун ысымы менен бүтүндөй бир илимий багыт – тектештирме-тарыхый, типологиялык жана салыштырма тил илими байланышкан.

К.З. Зулпукаров эмгекке болгон өзгөчө жөндөмдүүлүгү, билимге болгон муктаждыгы, өзүн-өзү өркүндөтүүгө болгон тынымсыз умтулуусу аркылуу өзүнүн татаал жолунда окумуштуунун, мугалимдин талантын өстүрдү. Капар Зулпукаровичтин билимдүү жана көрүнүктүү окумуштуу болушуна анын балалыгы, согуштан кийинки тоолуу айылдагы чакан мектеби, Ош мамлекеттик педагогикалык институтунун кызыл дипломy, кандидаттык жана докторлук диссертацияларды коргошу себеп болду. Акыркы бир нече жылдан бери кандидаттык жана докторлук диссертацияларды коргоо боюнча диссертациялык кеңешти ийгиликтүү жетектеп келет (Бишкек ш.). Анын артында ондогон монографиялар, жүздөгөн илимий жана окуу иштери жана илимий форумдарда, симпозиумдарда жана конференцияларда сүйлөгөн сөздөрү бар, интеллектуалдык менчиктин бай багажы турат.

## Киндик кан тамган жери

Капар Зулпукарович 1947-жылы Ош облусунун Совет (азыркы Кара-Кулжа) районундагы Терек-Суу айылында туулган. Ошол мезгилде Терек-Суу айылында отузга жетпеген түтүн болгондуктан, ал чакан комплекстүү мектепте окуган, анда бир мугалим курама класстарда иштеген. Окуучулардын аздыгынан аларды карликтер мектеби деп аташкан.

## Кесипке багыт берген адам

Көрүнүктүү филолог болууга атасынын салымы чоң экендигин төмөндөгүчө эскерет: «Атам согуштун катышуучусу, орус тилин бир аз билген, менин орус тили мугалими болушумду каалады. Мен андан предметтердин жана тирүү жандыктардын эки аталышы болоорун билдим – кыргызча жана орусча: отец – ата, корова – уй, – деп.

Мен Капар агай менен бир айылдан болгондуктан, атасы Зулпукар аксакалды көрүп калдым. Улуу Ата мекендик согуштун ардагери, Ленинград блокадасынын катышуучусу эле. Сөздү чукугандай тапкан, оюн какшык сөз менен туюнтуп койчу адам эле. Ар бир айылда эл оозунда жашаган лакап сөздөр болот эмеспи, Зулпукар аксакалдын ошондой лакап сөздөрү көп калган, айылдаштары үчүн легендага айланган, кыска бойлуу, каратору киши болчу. Бүгүнкү күнү айылдагылар сүйлөшүп калганда, "Зулпукар аксакал айткандай, же "Зулпукар аксакал айтмакчы" дешип, аксакалдын сөздөрүнө сөзсүз шилтеме жасап сүйлөп калышат.

Биздин бала чагыбызда билимдүү адамдарга карата сый-урмат жогору эле. Айылдагы жогорку билимдүүлөр, негизинен, мугалимдер болгондуктан, жашы жогорулап калган эски адамдар да жаңы окууну аяктап барып, мугалимдик кесипти баштагандарга "агай" же "эжеке" деп, сыйлоо маанисин камтыган тергөө сөзү менен айтышчу. Өзгөчө жогорку окуу жайда иштеген Капар агайга карата айылдагылардын сый-урматы ушунчалык бийик эле. Адатта, агай айылга жайкы каникул мезгилинде барчу. Айылга барганда "Капар келиптир" деген сөз дароо эле айылдагы адамдардын арасында "дуу" дей түшчү.

## Окуучулук жана студенттик кези

Капар Зулпукарович жаштыгына карабай ата-энесине үй иштерине жардам берүүгө аракеттенген. Канча жолу таң атпай туруп, алыскы жайлоодогу аксакалдарга барып гезит, ширеңке, асма чырактар үчүн пилик, керосин жеткирип, кой жайып, тоо боорунда үйүр-үйүр жылкы айдаганга аргасыз болгон. Ал эми эс алуу саатгарында бийик чоптун үстүндө отуруп, көпкө чейин асманды тиктеп, чоң шаарда окуп, дүйнөнү көрүүнү кыялданчу. Анан көптөн күткөн күн да келип, апасынын камкор колдору менен чогулткан жөнөкөй буюмдарын, тамак-ашын алып, Ош шаарын көздөй жөнөйт. Билимге болгон умтулуу ушунчалык күчтүү болчу! Бүгүн Капар Зулпукарович ал күндөрдү жылмаюу менен эскерет.

Жаш Капар агай 1962-жылы кирүү экзамендерин ийгиликтүү тапшырып, Ош педагогикалык институтунун тарых-филология факультетинин студенти болуп калат. Мына ошондон тартып анын бүткүл өмүрү, тагдыры



орус тили жана орус тил илими менен тыгыз байланышта болуп калган.

Капар Зулпукаровичтин аңгемелеринен биз факультеттин тарыхына байланышкан көп кызыктуу нерселерди билебиз. Азыркы орус филологиясы факультети ал мезгилде тарыхфилология деп аталып, «Кыргыз мектебинде орус тили жана адабияты», «Орус тили жана адабияты жана кошумча англис тили» жана «Орус тили жана адабияты жана тарыхы» деген үч багыт боюнча адистерди даярдаган.

Капар агай ошол кездеги студенттик турмуштан алган таасирлерин чогуу туруп сүйлөшүп калган учурда кеп салып калат. Студенттерине, ал тургай, шакирттерине да кол-доо көрсөтүү үчүн ал өзү жөнүндө, окуунун алгачкы күндөрүндө башынан өткөргөн кыйынчы-лыктары тууралуу айтып берет. «Мен топтун, курстун жана факультеттин эң кичүүсү бол-гондуктан, «бала (малыш)» деген лакап атка ээ болдум. Бирок тырышчаактык менен оку-чумун, дайыма биринчи партада отурчумун, практикалык жана семинардык сабактарга активдүү катышчумун» дейт Капар Зулпукарович. Чынында эле, ушунчалык таң калардык, феноменалдуу эс-тутум, талдоо тенденциясы сыяктуу укмуштуудай жөндөмдөр сту-денттик аудиторияда да калыптанган жана кийинчерээк кесиптик жана илимий иш-мердүүлүктө абдан пайдалуу болгон. Ал мактоого татыктуу студент болгон. Факультеттин мыкты окутуучулары Муратов Равиль Хасановичке, Карасаева Ирина Павловнага, Юлия Ивановна Чернышовага, Вера Ивановна Пановага, Лев Данилович Покольодныйга, Елизавета Степановна Палагинага, Евгения Николаевна Курбатовага, Николай Максимович Теселкинге, Туркенич Израиль Самуиловичке, Зоя Александровна Заякиналарга терең ыраазычылык билдирет жана алардын берген билимдери анын эсинде өмүр бою калды.

## Устат устаттары тууралуу

Капар Зулпукарович устаттары жөнүндө терең урматтоо, суктануу сезими менен саатап кеп кыла алат. Айрыкча Р.Х. Муратованы грамматиканын эң татаал теориялык маселелерин жөнөкөй жана түшүнүктүү түшүндүрө билген адис катары, Ю.И. Чернышованын модалуу жана кооз келбети анын ой-пикирлеринин логикасына, ачыктыгына жана ынанымдуулугуна ар дайым туура келгенин, В.И. Пановду 19-кылымдагы орус адабиятынын улуу билгичи катары сүрөттөйт.

Болочок мугалим, окумуштуу дал ушул сапаттарды өзүнө сиңирген. Өзүнүн эң сонун туура жана түшүнүктүү орус тили менен ал аудиторияны толугу менен өзүнө тартат. Орус тил илиминин эң татаал, кээде башаламан маселелерин студенттерге мүмкүн болушунча жөнөкөй, түшүнүктүү жана карапайым тил менен жеткирүүгө аракет кылат. Юбиляр өзү белгилегендей, окуучу ар бир сабактан жаңы, пайдалуу жана керектүү нерсени үйрөнүшү керек. А сен анын көңүлүн калтырууга эч акың жок.

Профессор ар бир студенттин ичинен илимдин сырдуу дүйнөсүн ачууга аракет кылган чыгармачыл инсанды көрүп, эмнеге жетсе болорун өз үлгүсү менен көрсөтөт. «Үчүнчү курстан баштап илимге кызыгып калдым. Менин биринчи жолку курстук ишим фонемалардын, тактап айтканда, артчыл үнсүз тыбыштардын таңдайлашуу мыйзамына арналган. Андан кийинки ишим Н.М. Карамзиндин өмүрүнө жана чыгармачылыгына арналган. "Жазуучунун ата-бабалары жана анын фамилиясынын этимологиясы тууралуу маалыматтар кандай бүйүрдү кызытканы, талаш-тартышты жана талкууну жаратканы эсимде" дейт агай. Үчүнчү ишим, башкача айтканда, "Ар түрдүү структуралык тилдердеги так өздүк



сүйлөмдөрдүн түзүлүшү" деген илимий докладым үчүн институттун портфолиосу жана Ардак грамотасы менен сыйландым" деп эскерет Капар Зулпкарович.

## Изденүүчүлүк жолунда

Капар Зулпукаровичтин сыймыктана турган нерсеси бар. Кыргыздардын ичинен биринчилерден болуп 10.02.01 адистиги боюнча кандидаттык диссертациясын жактаган. «Орус тили» жана 10.02.20 «Салыштырма-тарыхый, типологиялык жана салыштырма тил илими» адистиги боюнча докторлук даражасы кафедраларды, институттарды жана факультеттерди ийгиликтүү жетектеген.

Капар Зулпукаровичтин эң башкы мээрими – бул адамдар, студенттер жана аспи-ранттар, алар анын өзүнөн көңүлдүү, кайрымдуу мугалим, насаатчы, угуучу жана кеңешчи болуп саналат. Анын түздөн-түз илимий жетекчилиги астында 5 докторлук, 31 кандидаттык диссертациялар, ондогон кандидаттык жана бакалаврдык диссертациялар ийгиликтүү корголгон. 7 китептин жана 200дөн ашык макаланын автору. Ал тилчилердин түрдүү эмгектерине жүздөн ашык рецензия жана отзывдарды жазган.

Капар Зулпукарович өзүнүн окуучулары – филология илимдеринин докторлору: М.А.Атакулова, Б.Э.Дарбанов, Ж.Элчиевдер менен сыймыктанат.

Бүткүл аң-сезимдүү өмүрүндө ал түбөлүктүүлүктү жана акыл-эстүүлүктү себет. Көчөттөр бар, алардын өскөндөрү бар, агайдын жолун жолдоп мугалим болгондору да бир топ, агайдын ишин улантып иштеп жаткандар да бир топ.

## Багбанчылык касиети.

Капар Зулпукаровичти мыкты багбан деп айтууга да болот. Өзгөн шаарындагы үйүнүн короосу көп түрдүү өсүмдүктөргө өтө бай. Ботаника илиминен да бир топ маалыматы бар экенин баамдоого болот. Анткени кыргыз филологиясы жана журналистика факуль-тети менен орус филологиясы факультетинин короосу чогуу болгондуктан, короодогу өсүп турган бакча өсүмдүктөрүнүн дээрлик 90%ын агай өз короосунан алып келип өстүргөн. Өзгөчө гүлдөрдүн көптөгөн түрлөрүн акырын мезгилде аябай көбөйттү. Короонун ичиндеги кайсыл гүлдү же дарахты кайсыл жылы алып келип эктиргенин да унутпайт. Анткени алар-дын тамырынан чыккан жаңы сабактарын бөлүп эгүүгө жарактуу болорун эскертип турат. Анан да ар бир гүлдүн кыргыз жана орус тилдериндеги аталыштарын айтып берет. Ал эле эмес, өз айылына жаз, күз мезгилдеринде барганда суу чыккан жерлерге, булактын жака белдерине да ар кандай мөмөлүү жана мөмөлүү эмес дарактардын көчөттөрүн жердин кыр-тышын кармайт, жер көчкү болбойт деп, эгип коё бергенине эл күбө. Ушундан улам агайды мыкты багбан деп да айтууга болот.

## Агайын окууга өткөргөн окуучу

Жогоруда кеп кылган Терек-Суу айылында 40 үйгө жетпеген түтүн болгондуктан, башталгыч класстарды гана окуткан мектеп болгон. Ошол карликтердин мектебинде 4-классты аяктаган окуучулар 8 чакырым чыгыш тараптагы айылга барып орто мектепти аякташкан. Жалал-Абаддан мугалимдер окуу жайын аяктап барган Турганбаев Акун агай мен 4-классты аяктаганда барып, мени окутпай калды, бирок мен агайыма жогорку окуу жайына өтүшүнө себепкер болдум. Жогорку окуу жайга окууга өтүүгө жардам берген алгачкы абитуриентим Турганбаев Акун агай болду дейт.

Көрсө, Капар агай Ош мамлекеттик педагогикалык институтта 5-курста окуп жатканда, Акун агай жогорку билимдүү болуу максатында аталган окуу жайдын сырттан окуу бөлүмүнө тапшырган экен.

Мурдагы мезгилде абитуриенттер экзаменди институтунда тапшыргандыктан, 5-курстун мыкты студенттери экзаменди алууда уюштуруу иштерине катышчу. Ошондой жагдай менен Капар Зулпукарович өз агайына сочинение жазууда тымызын (шпаргалька менен) жардам бергенин мыйыгынан күлө эскерген учуру бар.

## Алган сыйлыктары

Капар Зулпукаровичтин өмүрү ОшМУ менен тыгыз байланыштуу өтүүдө. Бир нече ректорлор менен иштешти. Айтсак, акыркы жылдары биз менен да иштешип калган ректорлор А.Анарбаев, М.Орозбеков менен, Б,Мурзубраимов менен, К.Исаков менен абдан жылуу мамиледе болду. Бирок биринен да сыйлык үмүт кылбаптар. Табиятынан айрым адамдарга окшоп жулунуп, жулкунбаган адам.

2007-2017-жылдары ОшМУнун орус филологиясы факультетинде декандык кыз-матты аркалады. Бир жылы агайдын туулган күнүнө карата макала жазууга киришип, кандай сыйлыктары бар экенин билгенден тактоо үчүн агайдын кабинетине баш баксам, катчы кызы агайдын Бишкекке кеткендигин айтты. Телефон аркылуу байланышып сурасам, "Жамила Нышановнанын (декандын окуу иштери боюнча (өзүнүн) орун басары) колу коюлган Ардак грамотам бар, башка эч нерсем жок" дейт.

Агай акыркы жылдары сыйлыктарды дээрлик Россия Федерациясы тарабынан алды. Алсак, орус тили илимине кошкон зор салымдары үчүн РФнын Президентинин ал-дындагы табигый илимдер академиясынын мүчө-корреспонденти болуп шайланып, "Илимге сиңирген эмгеги үчүн" Пётр Великийдин ордени жана М.В.Ломоносовдун медалы менен сыйланган. Ошондой эле "Илимдин жана билим берүүнүн эмгек сиңирген ишмери", "Илимдин жана техниканын эмгек сиңирген ишмери", "Алтай жана син-тибет элде-ринин лингвоэтногенетикалык биримдиги" илимий багытынын жана "Кыргызстандын лингвоконцептологиясы" илимий мектебинин негиздөөчүсү ардактуу наамдарын да алган.

2019-жылы Россиянын Сочи шаарында өткөн РФнын Президентинин алдындагы табигыйилимдеракадемиясынынсессиясында эксперттердин сунушу менен Капар Зул-пукаровичке аталган академиянын академиги наамы берилген. Ушуга удаа эле агай жал-пы жана орус тил илиминин, салыштырма-типология жана тектештирме тил илиминин, синогоиянын жана алтаистиканын өнүгүшүнө жана бул илимий тармактар боюнча бүтүндөй мектептердин түптөлүшүнө зор эмгеги үчүн Улуу Александрдын "Илимий жеңиш жана жаратмандыгы үчүн" ордени, Улуу Екатеринанын "Илимге жана агартуучулукка өтөгөн кыз-маты үчүн" ордени, "Эмгек жана билим менен" ордени жана В.И.Вернадский атындагы алтын медаль менен сыйланган.

Россия, Белорусия, Армения, Молдовия, Казахстан, Өзбекстан, Тажикстан жана Кыргызстан өлкөлөрүнүн Билим берүү министрликтери Тажикстанда координациялап өткөргөн 6-съездге 2022-жылдын 28-октябрында катышып, "Шериктештик өлкөлөрүнүн Билим берүүсүнүн мыктысы" деген сыйлык менен да сыйланган.

Ошондой эле, 2021-жылдын 31-декабрында Кыргыз Республикасынын Президен-тинин Жарлыгы менен өлкөнүн социалдык-экономикалык, интеллектуалдык жана маданий потенциалын өнүктүрүүгө кошкон салымы, кесиптик ишмердигиндеги жетишкендиктери үчүн жарандарды мамлекеттик сыйлыктар менен сыйлоо жөнүндөгү Жарлыгынын негизинде Капар Зулпукарович "Кыргыз Республикасынын илимине эмгек сиңирген ишме-ри" деген ардактуу наамы менен сыйланган.

Анын окутуучулук жана илимий ишмердүүлүгүнүн натыйжасы – азыркы илимий мектеп, ага бардык билимин, тажрыйбасын жана убактысын арнайт.

Капар Зулпукарович илимий эмгектердин филологиялык жыйнагынын редактору жана басып чыгаруучусу, аны бир нече жылдар бою өзү каржылап, дүйнөнүн чар тарабын активдүү кыдырып, баяндамаларды жасап, китептерди жазып келет. Бирок ал эч жерде өзүн туулуп-өскөн айылындагыдай жакшы сезбейт, ал жерде баары 70 жыл мурун башталган жана балык уулоого, оттун жанында отурганды, күлкүлүү тамашаларды айтып, өткөндү эстегенди жакшы көрөт.

Капар агай эч качан нааразы болбогон, күнүмдүк турмуштун кыйынчылыктары ага терс из калтырган жок, анын бар болушунун өзү эле жылуулукту, жайлуулукту, ишеним-дүүлүктү жаратат.

Бүгүн залкар окумуштуу, залкар инсан Капар Зулпукарович Зулпукаров окуучу кезинде сый-урмат, суктануу менен караган мугалимдин алдында баш кийимин чечип, салам айткан заман кайтаарына ишенет...

**Б.Оморкулов,**
**Н.Турганбаев,**
***шакирттери***

# "Жаңы идеяларга байыдык"

DVV international Kyrgyzstan өкүлчүлүгү менен ОшМУнун Билим берүүнүн формалдык секторунда Curriculum GlobALe окуу программасын институционалдаштыруу долбоору боюнча окууну да жыйынтыктоочу күндөр келди.

Чоңдорду окутуу, албетте, мындай караганда жөн гана сөз, бирок, ушул эки жылга жакын убакытта чоңдордун психологиясы, чоңдорду окутуунун жолдору, ыкмалары жөнүндө билдим. Бардык жаңылыктар менен коштолду, эски билимдер жаңы билимдер менен айкалышты. Тажрыйбалар жаңыланды. Окутуунун ыкмаларынын түрдүүлүгү практика менен айкалышып, жаңы көз карашка, жаңы идеяларга байыдык.

Ооба, бүгүн абдан көп курстар бар, кайсы тармактан билимиңди өркүндөтсөң жолдор ачык, бирок, Curriculum GlobALe окуу программасы адамдагы адамды таанууну, чоңдордун тажрыйбасын бийиктикке чыгарууну, идеяларды ишке ашырууну үйрөттү.

Курсту аяктап жатып, бизди окуткан мыкты тренерлерге, ОшМУнун дасыккан илимпоздоруна, Макебаева Айнура эжекеге терең ыраазычылык билдирем. Бар болуңуздар! Дайыма жакшылык жандап жүрүңүздөр.

Ал эми DVV international Kyrgyzstan өкүлчүлүгү менен ОшМУнун Билим берүүнүн формалдык секторунда Curriculum GlobALe окуу программасын институционалдаштыруу долбоору улана берсин демекчимин.

***Бактыгуль Байтикова,***
***ОшМУнун окутуучусу***



# МУГАЛИМГЕ ЗАРЫЛ ИНСАНДЫК САПАТТАР

*** Кесибин берилип сүйүүсү;**
*** Окуучуларын коомдун эң маанилүү аманаты деп билүүсү;**
*** Окуучуга көңүл бурууда уста болуусу;**
*** Өзүн өнүктүрүүсү жана үйрөнгөндөрүнө маани берүүсү;**
*** Убакыттын кадырын билүүсү.**

Бардык эле кесиптер сыяктуу мыкты мугалим болуу үчүн биринчи кезекте кесибин сүйүү зарыл. Кесибин сүйгөн мугалимдин эң алгач көңүлү окуучуларда жана кесибинде болуп, алар менен алектенет. Ал эми кесибин сүйбөгөн мугалим өзүн жумушуна арнай албагандыктан, өз кесибинде ийгиликтүү болуусу мүмкүн эмес.

Мугалимдик кесипте ийгиликсиздиктин 3 негизги себеби бар. Алар:

1) Адамдык табиятына туура келбесе да мугалимдикти тандап алса;

2) Тагдырдын буйругу менен мугалим болуп калганына карабастан, дагы деле кесипти сүйө албаса;

3) Мугалимдикке жөндөмдүү болгонуна карабастан өзүн-өзү өнүктүрбөсө, маалымат жана усулдук жактан өзүн-өзү жаңылай албаса.

Мугалимдик кесипке чын көңүлдөн байланбаган адамдын окуучуларды сүйө билүүсү жана аларга жеткиликтүү көңүл буруусу, кетирген жаңылыштыктарына сабырдуулук менен мамиле кылуусу өтө кыйын.

Чыныгы мугалим окутууну жана үйрөтүүнү сүйгөнү үчүн дайыма күчтүү, энергияга бай жүрөт. Ошондой эле окуучуларга бир нерсени үйрөтүүгө дилгир болот. Мугалимдин мындай мамилеси, жигердүү аракети менен көп нерсени каалаганы жана аны окуучулардан да талап кылгандыгы окуучуларга дароо таасир этет.

Ислам педагогдору да мугалимдин өз жумушуна берилип, аны сүйүүсү керектиги жөнүндө айтышкан. Алар мугалим өз өмүрүнүн көпчүлүк бөлүгүн окуучуларга илим үйрөтүү жана аларды тарбиялоого бөлүш керектигин айтышат. Ал-Кабиси өз сөзүндө мугалимдер окутуу жана тарбиялоо процессинен сырткары эч кандай башка иш менен алек болбошу керектигин айткан. Ибни Сахмунун оюу боюнча, мугалим бардык убактысын окуучуларга бөлүш керек, көп изденип, көп окуп, өзүн аларга арнаш керек. Белгилүү аалым Катип Челеби бул темага тиешелүү болгон оюн төмөндөгүдөй баяндайт: "Мугалимдин максаты материалдык байлык эмес. Анын башкы максаты - окуялардын туура талданышы жана жакшылыктын жайылуусуна себепчи болуу. Жакшы жашоону максат кылган, материалдык абалды максат кылган илимпоз чыныгы мааниде аалым боло албайт".

Чындыгында, мугалимдерибизди жумушка алып жатканда жазуу түрүндөгү гана сынак жүргүзбөстөн, оозеки түрүндө да баарлашуу өткөрүп, мугалимдик идеяларына баа берилип, эң мыктылары гана тандалып алыныш керек.

Мугалимге салым кошуу билим берүүнүн сапатын жогорулатат.




Мектепти ийгиликтүү кылган нерсе, жалгыз гана кооз жасалган имарат же, эң акыркы муундагы технология менен толукталган бөлмөлөр же, өтө акчалуу мектеп эмес. Мектептин ийгилигин жогорулатуу үчүн мугалимдердин материалдык көйгөйлөрүн чечүү да маанилүү. Мугалимдердин көйгөйлөрүн жеңилдетпестен туруп билим берүүдөн ийгилик күтүү - куру кыял болуп калат. Лидер билим берүүдө өзү каалагандай ийгиликке жетүү үчүн мугалимдин моралдык-материалдык маселелерин чечүүгө бел байлашы абзел.

Бүгүнкү күндө жапон жана немец мектептеринде ар бир окуучу башына АКШ мектептерине салыштырмалуу 50%дан азыраак акча сарпталат. Бирок, ага карабастан жапон жана немецтердин билим берүү деңгээли АКШдан дагы да жогору. Демек, билим берүүгө сарпталган акчанын өлчөмүнө караганда, билим берүүгө бөлүнгөн акчаны кайда, кантип жана кандайча колдонулуп жаткандыгы маанилүү болуп саналат.

Мисалы, АКШ имараттарга жана башкарууга көп акча сарптаганы менен мугалимдерине азыраак өлчөмдө маяна берет. Немистер менен жапондор болсо, курулуштар жана башкаруу үчүн чыгашаны кыскартып, мугалимдердин айлык акысына көбүрөөк акча сарптайт.

Мугалимдерге берилүүчү маянанын өлчөмү анын иштөө темпине жана аракетине сөзсүз таасир берет. Осмон падышачылыгынын тушунда медресе мугалимдерине күнүмдүк тиричилиги үчүн 50-100 алтын тыйын маяна катары берилчү. Ал эми окуучуларына да күнүмдүк тиричилиги үчүн 7-10 алтын тыйындын айланасындагы стипендия берилип турган. Бул камкордук билим берүүчүнүн да, билим алуучунун да көр тириликтин түйшүктөрүнөн сактап турган. Тилекке каршы, мындай система улам барган сайын урап отуруп, акыркы мезгилде мугалимдин турмушуна такыр көңүл бурулбай калды. Осмон падышасынын доорунда мугалимдерди жана окуучуларды социалдык жактан кепилдикке алган система тарых бүктөмүндө гана кала берди. Бардык бул далилдер ошол доордун мугалимдеринин кадыр-баркын жана жашоо стандартын жогору болгондугун көрсөтөт. Бүгүнкү күнүбүздө Түркиядагы көп мугалимдер айлык акынын аздыгынан өзүн-өзү өнүктүрүү үчүн атайын иш-чараларга катыша алышпай келишет жана кээде кесибине байланыштуу басма сөз кызматтарынан да пайдалана албаган учурлар да кездешет. Бул абал жалгыз гана мамлекеттик мектептерге тиешелүү эмес. Бир топ жеке менчик мектептерде деле мугалимдердин айлыгына караганда мектеп курулуштарына жана айлана-чөйрөнү көрктөндүрүү үчүн көп акча сарпталары бышык. Эгер мектептерибизде билим берүүнүн сапатын жогорулатууну кааласак, алгач мугалимдин жашоо стандартын жогорулатышыбыз керек. Мыкты мугалим, мыкты окуучу мыкты келечек дегенге барабар.

## "Мугалимдин бейнеси" изилдөөсү

*Стамбул Богазичи Университетинин педагогика факультетинин окутуучулары, профессор Рыфат Окчаба менен доктор Фатма Төк тарабынан жасалган "Мугалимдин бейнеси" аттуу изилдөөлөрү мугалимдердин аянычтуу абалда калгандыгын тастыктап койду.*

### Изилдөөнүнүн жыйынтыгына карап:

- Мугалимдердин көпчүлүк бөлүгү китеп жана гезит окубайт;
- Маданий иш чараларга катышпайт;
- Жогорку билим албаган жана материалдык жактан аз камсыз болгон үй-бүлөдөн келген;
- Үй-бүлөсүн камсыз кылыш үчүн мугалимдиктен башка кошумча жумуш кылууга муктаж абалда экендиги билинген.

Окумуштуулардын 19 райондо жайгашкан ар түрдүү даражадагы 205 мектептен иликтөө жүргүзгөн. Жалпы 2301 мугалим жана мүдүр изилдөөгө тартылып, мугалимдердин социалдык абалы жана экономикалык көйгөйлөрү аныкталган:

Мугалимдик кесипти өздөрү каалап тандагандар 46%ды түзгөн;

### Мугалимдик кесипти каалабай тандагандар 54%ды түзүп, алардын ичинен:

- 17% муктаждыктан;
- 7% күтүүсүздүктүн жыйынтыгы;
- 6% улуттук тесттин катасынан;
- 3% ата-энеден келген кесип болгондуктан;
- 3% эч кандай себепсиз эле мугалимдикти тандагандыгы аныкталган.

Мугалимдердин 5%ы гана өз максатын иш жүзүнө ашыруу үчүн бул кесипти тандагандыгын билдиришкен.

### Мугалимдин социалдык абалы жана абрөю

Мугалимдердин социалдык абалын камтыган бөлүмдүн жыйынтыгына карай: педагогдордун 56% пайызы автомобилинин жоктугунан, жумушка баруу үчүн коомдук транспортту колдонот;

Педагогдордун 49% батирлерде жашайт;

Педагогдордун 59% "орто маяна" менен иштейт.

Ал эми маянасы жакшы болгондордун саны 13% гана түзөт.

Мугалимдердин 70%дан ашыгы кошумча жумуш менен алек болору аныкталды.

Мугалимдердин 44% пайызы өзү иштеген мектептин администрациясы менен, 59% окуучулардын ата-энелери менен жетиштүү мамиле кура албагандыгы белгилүү болду.

Ошондой эле мугалимдердин 43% пайызы "башкаруучулардын менеджменти жетиштүү эмес" деп билдирсе, 75%ы "мамлекеттик мектептерге бийлик жеткиликтүү маани бербейт" деген ойлорун билдиришкен.

### Мугалимдер эс алышпайт

Изилдөөнүн жыйынтыгында:

- Мугалимдердин 4% атайын мугалим батирлеринде же конок бөлмөлөрүндө жашайт.
- Мугалимдердин 46% пайызынын жашаган бөлмөнүн чоңдугу 80-100м2 түзөт.
- Ал эми 80-100м2 чоңураак үйдө жашаган мугалимдердин саны 32% пайызды түзөт.
- Тескерисинче 80-100м2 кичиреек үйдө жашаган мугалимдердин саны 18% пайызды түзөт.
- Мугалимдердин 41% өздүк автомобили бар жана 59% пайыздын ичиндегилер өздөрүн орто жашап жатабыз деп эсептешет.
- 2301 мугалимден 8 гана мугалим маянасын өтө жакшы экенин билдиришкен.

Мугалимдердин 34% жайкы каникулда эс албаганын билдиришкен. Көпчүлүк мугалимдердин эс алуусу туугандарга баруу болуп саналат. Мейманкана жана пансионатка баргандардын саны 15%, мамлекеттик эс алуу жайларын колдонгондор 6%, ал эми жаратылышта чатыр жасап эс алгандар 5% түзсө, 4% мугалимде гана атайын дачасы бар экени маалым болгон.

**"Мугалимдерге кеңеш" китебинен алынды.**

**Редактору: Т.Алдакулов**

"Дидактика"
ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамынын илимий педагогикалык, маалыматтык гезити

**Башкы редактор:**
Тургунбай АЛДАКУЛОВ

**Редакциялык кеңеш:**
Н.Мапаева, Г.Жутанова, А.Батыралиев, Б.Оморкулов, М.Ниязалиев, З.Нуралиева, М.Осмонали кызы

**Корректор:** М.Турсунбекова
**Фото кабарчы:** Р.Максутов
**Дизайнер:**
Дүйшөнбек Бектемир уулу

Кол жазмалар, фото-сүрөттөр кайра кайтарылбайт жана кат жүзүндө жооп берилбейт. Жарыяланган материалдар редакциянын толук көз карашын билдирбейт. Макалалардагы фактылар үчүн авторлор өздөрү жооптуу. Гезит редакциянын компьютердик борборунда терилип даярдалып, "ММКны колдоо борбору" басмаканасынан басылды.
КРнын Юстиция министрлигинен каттоодон өткөн күбөлүктүн каттоо номуру 10155. Күбөлүк 003799

**Банктагы реквизиттер:**
Инн 00207199610017,
р-с. 4407011103007617,
«РСК-Банк» Ош филиалы, Ош шаары
БИК 129039
Редакциянын дареги: Ош шаары, Ленин көчөсү-331, ОшМУнун башкы имараты, 219-каана.
Гезит "Принт Мастер" ЖЧКсынын басмаканасында басылды.
Нускасы: 1300 Буюртма №717

# Мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн моторуна айланган ОшМУ


ОшМУнун бүтүрүүчүсү
Надилбек кызы Бегимай,
ОшТУнун окутуучусу, аспирант

Кыргызстандагы билим берүүнүн флагманы аталган ОшМУнун бүтүрүүчүсү болгонума сыймыктанам. Кыргыз филологиясы факультетинде билим алып, ар тараптуу, чыгармачыл, изденген тилчи-окутуучу катары калыптандым десем болот. Бизге татыктуу билим-тарбия берген жалпы устаттарыма ар дайым ыраазымын. Студент кезимде “Мыкты студент-2009” конкурстун жеңүүчүсү, мамлекеттик тил сектор башчысы, “Бүчүр” адабий ийримдин мүчөсү, “Арууке” бийчилер тобунун капитаны, “Калемгер” гезитинин кабарчысы жана тайпанын старостасы болуп, 2 диплом жана 6 ардак грамоталардын ээси болдум. ОшМУдан алган сапаттуу билимимдин натыйжасында учурда Ош технологиялык университетинде кыргыз тили жана адабияты окутуучусу жана “Назик” бий тобунун жетекчиси болуп 10 жылдан бери эмгектенип келүүдөмүн. Мындан сырткары жеке тренер катары, мугалимдерге методикалык жактан көмөк көрсөтүп, окутуп келем.

Тилчи, илим изилдөөчү катары мамлекеттик тил багытында Ош шаарында жана жалпы өлкөдө өткөрүлгөн иштерге ар дайым жигердүү катышып келем. Аткарылган иштердин арасында бизди ар дайым таң калтырган жана суктандырган иш чаралар Ош мамлекеттик университетинде болот. ОшМУнун мамлекеттик тил жана социалдык иштер боюнча проректору, педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Шарипова Мастура Сайпидиновнанын жетекчилиги менен мамлекеттик тилдин беделин көтөрүү багытында чоң иш-чаралар өтүп келет. Алардын айрымдарына гана токтоло турган болсок:

1. Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссия тарабынан “Жогорку окуу жайында мамлекеттик тилдин абалы ” аттуу мамлекеттик тил проректорлорунун I форуму уюштурулду.

2. Ош улуттук драма театрында Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик тили жөнүндөгү Мыйзамынын кабыл алынгандыгынын 34 жылдыгына арналып Ош мамлекеттик университети тарабынан уюштурулган «Кыргыз ырлары чет өлкөлүк студенттердин аткаруусунда» аттуу II республикалык фестиваль болуп өттү.

3. “Мектеп-Жогорку окуу жай-Өндүрүш” деген долбоордун алкагында, жылдык иш-пландын негизинде мамлекеттик тилди жайылтуу, сактоо, өнүктүрүү максатында Өзгөн районунун Куршаб айыл өкмөтүнө караштуу мектептердин эң мыкты окуучулары тандалып алынып, “Куршаб билим кербени” аттуу топ менен келишип, окуучуларды билим алууга шыктандыруучу, китеп окууга кызыктыруучу, Кыргызстандагы эң мыкты окуу жайлардын сап башында турган ОшМУ жөнүндө маалымат алуу иш-чарасы ишке ашты.

4. Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары Э. Ж. Байсалов тарабынан бекитилген мамлекеттик тилдин бир айлыгынын алкагында ОшМУ, Ош шаардык билим берүү башкармалыгы, Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан Ош шаарындагы №52 Кыргыз-Түрк достугу мектеп-лицейинин базасында “Мамлекеттик тилди окутуунун методологиясы жана технологиясын өркүндөтүү” аталышында кереге кеңеш өткөрүлдү.

5. ОшМУда “21-февраль - эл аралык Эне тил ” күнүнө карата “Мамлекеттик тил-достуктун жана биримдиктин тили ” аттуу майрамдык кече уюштурулду.

6. Л.Н.Гумилев атындагы Евразия улуттук университети менен ОшМУнун кош дипломдуу программалар боюнча билим



алуучу студенттерине арналган “Тил достуктун тиреги ” аттуу интеллектуалдык сынак болуп өттү.

7. ОшМУнун ректору, профессор К.Г.Кожобековдун демилгеси менен жарнама жөнүндө мыйзамын ишке ашырууда, Ош шаарынын көрнөк-жарнактарынын абалын колдоо максатында борбордук көчөлөрдөгү жарнамаларды кыргыз тилинде, орус тилинде жана англис тилинде туура жазылуу маселелери каралып, тиешелүү окутуучулар жана студенттер тарабынан аткарылуу жагы тапшырылды.

8. ОшМУнун мамлекеттик тил жана социалдык иштер боюнча проректорунун демилгеси менен Баткен педагогикалык колледжинин ортосунда кызматташуу, мамлекеттик тилге болгон мамиле, иш кагаздарынын кыргызча жүргүзүлүшү жана кыргыз тилин окутуунун методологиясы боюнча тажрыйба алмашуу максатында окуу жайдын 30 студенти жана кыргыз тилчи окутуучуларынын катышуусунда «Келечегиң кенен болсун, эне тил!» ураанынын астында иш-чара өткөрүлдү.

9. ОшМУнун медицина факультетинде мамлекеттик тил Мыйзамдарынын, жарнама мыйзамынын ишке ашырылышы, иш кагаздарын мамлекеттик тилде туура түзүү жана жүргүзүү, студенттердин тил билүү деңгээлдерин аныктоо үчүн мониторинг, “Сабаттуу бол ” акциясынын негизинде жат жазуу алуу жүргүзүлдү.

10. КРдин Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча Улуттук комиссиянын төрагасынын орун басары Ж.Орозобаева ОшМУда терминология маселесибоюнчатерминологиялыкэксперттик топ менен жолугушту. Учурда терминология маселесинде башаламандыктарды жоюу үчүн атайын ОшМУда терминология боюнча атайын эксперттик комиссия түзүү сунушталды. Жыйынтыгында, ОшМУда Ош облусу боюнча терминология жаатында иш жүргүзүү үчүн 19 окумуштуудан турган атайын



терминологиялык эксперттик топ түзүлгөн.

11. Ош мамлекеттик университетинин медициналык колледжинде мамлекеттик тил Мыйзамдарынын, жарнама Мыйзамынын ишке ашырылышы, иш кагаздарын мамлекеттик тилде туура түзүү жана жүргүзүү, студенттердин тил билүү деңгээлдерин аныктоо үчүн мониторинг, “Сабаттуу бол ” акциясынын негизинде жат жазуу жүргүзүлдү.

12. Ар бир тармактагы текшерүүлөрдүн жыйынтыгы боюнча комиссиянын курамы төмөнкүдөй Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссия тарабынан “Жогорку окуу жайында мамлекеттик тилди өнүктүрүү маселелери ” аттуу мамлекеттик тил проректорлорунун II форуму болуп өттү.

13. Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик тилдин 34 жылдыгына карата “Кадыр-баркың бийик болсун эне тил!” аталышында майрамдык салтанат өткөрүлдү. Майрамдык салтанат авторлордун көркөм элеси, мамлекеттик тил гимни, “Дүбүрт ” студенттик театрынын сахналык көрүнүшү, мамлекеттик тилди окутуунун заманбап технологиялары боюнча баяндама, көркөм окуулар, улуттук ыр, бийлер менен коштолду.

14. ОшМУда “КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК ТИЛИ ЖӨНҮНДӨ” Кыргыз Республикасынын Конституциялык Мыйзамы боюнча тааныштыруу максатында тегерек стол болуп өттү.

15. “Мамлекеттик тилди заманбап технологиялар менен окутуу ” деген аталышта кереге кеңеш өткөрүлдү.

16. ОшМУда “Кыргыз тили жана Ч.Айтматов ааламы ” аталышындагы мамлекеттик тилдин үч айлыгынын алкагында “Айтматовдун каармандары ОшМУда ” аттуу композициялык көрүнүштөрдүн сынагы болуп өттү.

17. ОшМУнун мамлекеттик тил саясатын жүргүзүүдө мамлекеттик тилди колдонуу, адабий тилдин нормасында сүйлөө жана өз оюн эркин айтууну өнүктүрүү сабактан тышкары маданий-массалык иш-чаралардын, башка тилден кыргыз тилине которулган эмгектердин, ЖОЖдор аралык кош дипломдуу программалардын ишке ашырылышынын, тил борборлорунун, массалык маалымат каражаттарынын, социалдык тармактардын, гезит, журналдар менен кызматташуунун алкагында да жүргүзүлүүсү өз жемишин берет.

18. Учурда колледждерде кыргыз тилин окутуунун методологиялары, заманбап технологиялары перспективалуу иштердин сап башында турат. ОшМУнун колледждеринде ректор тарабынан ар тараптуу билим берүү, өндүрүш, атаандаштык жаатында бир топ жогорку деңгээлде шарттар түзүлүп, сапаттуу билим берүүдө кадр маселеси менен камсыздоодо алгылыктуу иштер жүрүп келет. Ошолордун катарында мамлекеттик тилди окутуунун актуалдуу маселелери, заман талабына ылайык көп тилдүүлүк, Президентибиздин “Улуттук нарк ” , “Кыргыз жараны ” концепцияларын ишке ашырууда демигелүү, жигердүү иш жүргүзүү талабы коюлган. Жыл бою мамлекеттик тилди өнүктүрүү, жайылтуу, үйрөтүү, сактоо, келечек муунга өткөрүп берүү идеяларынын тегерегинде байма-бай иш-чаралар өткөрүлүп турат. “Кыргыз тили жана Ч.Айтматов ааламы ” аталышындагы мамлекеттик тилдин 34 жылдыгына жана Ч.Айтматовдун 95 жылдыгына арналган үч айлыктын алкагындагы иш-чаралар жогорку деңгээлде өткөрүлдү.

19.ОшМУда“КыргызтилижанаЧ.Айтматов ааламы” аталышында мамлекеттик тилдин үч айлыгынын алкагында “Кыргыз тилин заманбап технологиялар менен окутуунун методологиясы”аттуу кереге кеңеш болуп өттү. Кереге кеңештин максаты Ош шаарындагы бардык ЖОЖдордун колледждеринде кыргыз тилин окутууда программаларды бирдиктүү системага салуу, сабак өтүүдө заманбап методикаларды пайдалануу, студенттер менен иштөөдө окутуучу-лардын квалификациясын жогорулатуу, тажрыйба алмашуу сыяктуу өзөктүү маселелер талкууга алынды. Мына ушул кереге кеңеште "Технология багытында кыргыз тилин деңгээлдер боюнча окутуунун технологиясы " деген темада баяндама жасадым. Мына ушундай жакшы саамалыктар менен окуу жайлар аралык ынтымак, мамлекеттик тилге болгон мамилени дагы да жандандырып, өнүктүрүүгө салым кошо алды. Ош шаарындагы башка жогорку окуу жайлар арасында кереге кеңеш уюштурулуп, Ош технологиялык университетинде “Жогорку окуу жайларында кыргыз тили предметин окутууда жаңы инновациялык интерактивдүү технологияларды пайдалануу” деген темада кереге кеңеш болуп өттү. Жыйынтыктап жатып, ОшМУнун 85 жылдыгына карата ак тилегим, окуу жайда эмгектенип жаткан ка-дырлуу устаттарым, урматтуу окуу жайдын жетекчиси жана жалпы жамаат! Сиздерди Ош мамлекеттик университе-тинин 85 жылдык маарекеси менен ак дилден куттуктаймын! Билим берүүдөгү алтын уяңыздардан дайыма мыкты кадрлар даярдалып, тил билги, иш билги, көсөмдөр чыгып, мамлекетке салым кошуп, Кыргызстанды дүйнөгө тааныткан инсан болушун каалап кетем!